# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН КӨЗӨМӨЛ БОЮНЧА КОМИТЕТИНИН

# ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ

Бишкек ш. 2018-жылдын 2-июлундагы № 30/5

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»

Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-мартындагы №6/2 токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобонун 2.4-пунктунун в) пунктчасына таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети токтом кылат:

1. Көзөмөл боюнча комитеттин төмөнкү токтомдоруна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилсин:

- 2016-жылдын 9-июнундагы № 24/1 «Микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө»;
- 2014-жылдын 26-декабрындагы № 46/1 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин, кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жөнүндө».

2. Токтом 2018-жылдын 2-июлунан тартып күчүнө кирет.

Көзөмөл боюнча комитеттин катчысы: Ж. Аралова

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2018-жылдын 2-июлундагы № 30/5 токтомуна карата тиркеме

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2016-жылдын 9-июнундагы №24\1 "Микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Микрофинансылык компаниянын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 17-пунктунун бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

««Реструктуризацияланган кредиттер» деп аталган 4-тилкеде реструктуризацияланган кредиттердин суммасы көрсөтүлөт.»;

- 28-пунктунун үчүнчү абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

- 42-пунктунун биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«42. Эгерде, кредит 30 күндөн 60 күнгө чейин мөөнөтүнөн кечиктирилип төлөнсө жана/же кредит эки жолу реструктуризацияланса, анда ал "181 күндөн 365 күнгө чейин" категориясына киргизилүүгө тийиш. Эгерде, кредит 60 күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнсө жана/же экиден көп жолу реструктуризацияланса жана/же кредит чегербөө статусунда болсо, анда ал "3 жылдан ашык" категориясына киргизилүүгө тийиш.»;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Микрокредиттик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 15-пунктунун алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Реструктуризацияланган кредиттер» 4-тилкесинде реструктуризацияланган кредиттердин суммасы көрсөтүлөт (мында реструктуризацияланган кредиттердин суммасы мөөнөтүндө төлөнбөгөн же мөөнөтүндө төлөнгөн кредиттердин суммасында камтылууга тийиш).»;

- 18-пунктунун үчүнчү абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

- 8-глава төмөнкү мазмундагы § 16-1 параграф менен толукталсын:

«§ 16-1. Ж-1. «Тармактар жана региондор боюнча ислам банк иши жана каржылоо принциптеринин негизинде сунушталган каржылоо боюнча маалымат»

19-1. Бөлүкчө "Тармактар жана региондор боюнча берилген кредиттердин көлөмү боюнча маалымат" деген 3. Ж. таблицасы сыяктуу эле толтурулат.

"Отчеттук мезгилдин акырына карата орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше, пайыздарда" деген 7-тилкесинде ушул усулдук көрсөтмөлөрдүн 14 жана 14-1-пункттарына ылайык эсептелген орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше көрсөтүлөт.

«Отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти, пайыздарда» 8-тилкесинде пайыз менен туюндурулган кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт, ал

12-1- параграфтын “Каржылоо портфелин тармактар жана региондор боюнча бөлүштүрүү” деген В-1 бөлүкчөсүндө көрсөтүлгөндөй эсептелет.».

Эскертүү: Ислам банк иши жана каржылоо принциптеринин негизинде сунушталган каржылоо суммасы боюнча маалыматтар кредиттердин жалпы суммасын эсептөөдө камтылбайт, ал эми ислам банк иши жана каржылоо принциптеринин негизинде сунушталган каржылоо боюнча орточо алынган үстөк баа/киреше тууралуу маалыматтар “Тармактар жана региондор боюнча берилген кредиттердин көлөмү боюнча маалымат” Ж. 3. таблицасынын кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендерди эсептөөдө камтылбайт.

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдө:

- 3-главанын таблицасында:

“Кредиттик портфель боюнча маалымат” 3-бөлүктүн 3-пунктунун 3.1-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

<table>
<tr><td colspan="4">3.1 3-бөлүк А. «Мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттер»</td></tr>
<tr><td>1</td><td>30 күнгө чейинки мөөнөткө</td><td rowspan="7">Бул форма кредиттик союздун мөөрү жана кредиттик союздун Башкармасынын Төрагасынын жана бухгалтеринин кол тамгалары менен тастыкталууга тийиш.<br><br>Оң жактагы үстүнкү бурчунда кредиттик союздун коддору жана отчет түзүлгөн күн белгиленүүгө тийиш.</td><td rowspan="5">3-тилке: Негизги сумма боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөм суммасы;<br><br>4-тилке: Мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөрдүн пайыздары боюнча сумма (кредиттер боюнча чегерилген, бирок, төлөнбөгөн пландык пайыздар);<br><br>5-тилке: Негизги сумма боюнча сыяктуу эле, пайыздар боюнча да төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирип төлөөгө жол берилген кредиттер боюнча карыздын калдыгы.</td></tr>
<tr><td>2</td><td>31 күндөн 60 күнгө чейинки мөөнөткө (минимум = субстандарттык)</td></tr>
<tr><td>3</td><td>61 күндөн 90 күнгө чейинки мөөнөткө (минимум = шектүү)</td></tr>
<tr><td>4</td><td>90 күндөн 360 күнгө чейинки мөөнөттө (минимум=жоготуулар)</td></tr>
<tr><td>5</td><td>360 күндөн ашык мөөнөткө (жоготуулар)</td></tr>
<tr><td>6</td><td>Бардыгы болуп мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттер</td><td>1, 2, 3, 4, 5-саптар боюнча суммалар</td></tr>
<tr><td>7</td><td>Реструктуризацияланган кредиттер, анын ичинде</td><td>Реструктуризацияланган кредиттердин суммасы (8- жана 9-статьялар суммасы)</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 | - бир | | Бир жолу реструктуризацияланган кредиттердин суммасы |
| 9 | - эки жана андан ашык | | Эки же андан көп жолу реструктуризацияланган кредиттердин суммасы |
| 10 | Отчеттук мезгилде балансдан алынып салынган кредиттердин жалпы суммасы | | Өтүп жаткан айда балансдан алынып салынган жана кредиттик союздун системадан тышкары эсепке алуусуна чыгарылган кредиттердин жалпы суммасы. |
| 11 | Өсүү жыйынтыгы менен балансдан алынып салынган кредиттердин жалпы суммасы. | | Өсүү жыйынтыгы менен балансдан алынып салынган жана кредиттик союздун системадан тышкары эсепке алуусуна чыгарылган кредиттердин жалпы суммасы. |

»;

- "Кредиттик союздун көйгөйлүү ири карыз алуучулары жөнүндө маалыматтар" 5-бөлүгүнүн 5-пунктунун 5.1-пунктчасынын төртүнчү абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын ;

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2014-жылдын 26-декабрындагы № 46/1 "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрофинансы компанияларынын, микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин, кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетун толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жөнүндө" токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрофинансы компанияларынын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетун толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдө:

- 35-пункттун төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

««Реструктуризацияланган активдер» 4-тилкесинде реструктуризацияланган активдер суммасы көрсөтүлөт.»;

- 52-пункттун үчүнчү абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

- 70-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«70. Эгерде, сунушталган каржылоо боюнча төлөөлөр 30 күндөн 60 күнгө чейин мөөнөтүнөн кечиктирилип төлөнсө жана/же каржылоо эки жолу реструктуризацияланса, анда ал «181 күндөн 365 күнгө чейин» категориясына киргизилүүгө тийиш. Эгерде, сунушталган каржылоо боюнча төлөөлөр 60 күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнсө жана/же каржылоо экиден көп жолу реструктуризацияланса жана/же чегербөө статусунда болсо, анда ал «3 жылдан ашык» категориясына киргизилүүсү зарыл.»;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетун толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдө:

- 22-пункттун бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

««Реструктуризацияланган активдер» 4-тилкесинде реструктуризацияланган активдердин суммасы көрсөтүлөт (мында реструктуризацияланган активдердин суммасы мөөнөтүндө төлөнбөгөн же мөөнөтүндө төлөнгөн активдердин суммасында камтылууга тийиш).»;

- 30-пункттун үчүнчү абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

- 45-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«45. Эгерде, сунушталган каржылоо боюнча төлөөлөр 30 күндөн 60 күнгө чейин мөөнөтүнөн кечиктирилип төлөнсө жана/же каржылоо эки жолу реструктуризацияланса, анда ал «181 күндөн 365 күнгө чейин» категориясына киргизилүүгө тийиш. Эгерде, сунушталган каржылоо боюнча төлөөлөр 60 күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнсө жана/же экиден көп жолу реструктуризацияланса жана/же каржылоо чегербөө статусунда болсо, анда ал «3 жылдан ашык» категориясына киргизилүүсү зарыл.»;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетун толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдө:

- 14-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«14. "Бардык мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер" 6-статьясында 1-5-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.

«Реструктуризацияланган активдер» 7-статьясында реструктуризацияланган активдер бир же эки жана андан көп жолу реструктуризациялангандыгына жараша көрсөтүлөт.

"Отчеттук мезгил ичинде баланстан алынып салынган активдердин жалпы суммасы" 10-статьяда өтүп жаткан айда баланстан алынып салынган жана кредиттик союздун системадан тышкары эсепке алуусуна чыгарылган кредиттердин жалпы суммасы көрсөтүлөт.

"Өсүү жыйынтыгы менен баланстан алынып салынган кредиттердин жалпы суммасы" 11-статьяда өсүү жыйынтыгы менен баланстан алынып салынган жана кредиттик союздун системадан тышкары эсепке алуусуна чыгарылган кредиттердин жалпы суммасы көрсөтүлөт.».